**Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кенешинин жыйналышынын**
**№ 9 ПРОТОКОЛУ**

**Ош шаары** **" 23 " август 2022 -ж.**

**Жыйналыштын төрагасы** - Нурунбетов Б.А.
**Катчы** - Абдыкеримов А.А.

**Жыйналышка катышкандар:** Абдыкадыров А., Белеков Ж.О., Исмаилова Б., Кайымов Т., Калыкулов К.А., Кыштобаев О., Махаммадов А., Тойчиев Ч.

**Чакырылгандар:** Турдубаева Г.Т., Жанбаева А.К., Пусур т Замир., Артыкова Ж.А., Убайдуллаев М.Б.

**Кун тартиби**:

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча ОшМУнун алдынкы окутуучуларын мугалимдердин кесиптик күнүнө карата университеттин акчалай сыйлыгы менен сыйлоону кароо.
2. Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борборунун негизги иш алып баруучу окутуучуларына 2021-2022 окуу жылында тиешелүү адистиктер боюнча билимин өркүндөтүү жана кайрадан даярдоо курстарын өткөргөндүктөрүнө байланыштуу сыйлык акы төлөп берүүнү кароо.
3. ОшМУнун карамагына Ош мамлекеттик юридикалык университети (юридикалык колледжи менен бирге) өткөндүгүнө байланыштуу алардагы адистиктерге 2022-2023-окуу жылына каралган тарифтердин прейскурантын кайрадан бекитүүнү кароо.
4. ОшМУнун студенттик жатаканалырынын жашоочуларынын 2022-2023-окуу жылынан баштап бир жылдык төлөмүнүн тарифтерин бекитип берүүнү кароо.
5. ОшМУнун колледждеринин бүтүрүүчүлөрүнө университеттин бакалавр деңгээлинде окуусун улантууга тапшырган учурунда академиялык айрымалары үчүн төлөөлөрдү жоюуну кароо.

**I Угулду: Турдубаева Г.Т., -** ОшМунун кадрлар бөлүмүнүн башчысы. Университеттин факультеттеринде жана структуралык түзүмдөрүндө 2021-

2022-окуу жылынын жыйынтыктары чыгарылып тиешелүү иш чаралар иштелип чыгылган. Ошону менен катар айрым жакшы жетишкендиктерди камсыз кыла алган адистерди сыйлыка көрсөтүү мүмүкүнчүлүгү бар. Кадрлар бөлүмүнө келип түшкөн сунуштарды топтоп жалпылап сиздердин карооңуздарга алып чыгып жатабыз. Колдоп берсеңиздер мугалимдердин күнүнө карата салтанаттуу иш чара өткөрүп, күжүрмөн эмгектенген окутуучуларыбызды жана башка кызматтын айрым өкүлдөрүн жамаат алдында ийгиликтерин белгилеп койсок, иш-чара жакшы натыйжасын берет деген ойдобуз (кызматтык кат тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

# Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 18-июль 2022-жыл №243 жарлыгына жана ОшМУнун 2019-жылдын 20-декабрь №1318 буйругу менен бекитилген “Сыйлык төлөө боюнча ОшМУнун жобосу”нун VI главасына таянып төмөнкү окутуучуларга жана аларды тейлеген айрым адистерге мугалимдердин кесиптик күнүнө карата, ар бирине 3700 (үч миң жети жүз) сомдон атайын каржаттын эсебинен сыйлык төлөнүп берилиши жактырылсын:

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Жалпы стажы | ОшМУдагы стажы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жамгырчиева Гулина Толобаевна | Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин кыргыз абадияты кафедрасынын профессору, филолог.и.д. | 35 | 33 |
| 2. | Усенова Назира Туратбековна | Орус филологиясы факультетинин чет тилдер жана маданият аралык коммуникациялар кафедрасынын окутуучусу | 16 | 16 |
| 3. | Абдыкеримова Малика Нишанбаевна | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин роман-герман филологиясынын доценти, филолог.и.к. | 24 | 24 |
| 4. | Абдырахманова Тазагул Каныбековна | Эл аралык мамилелер факультетинин деканатынын методисти | 18 | 7 |
| 5. | Кочконов Батыр Толубаевич | Бизнес жана менеджмент факультетинин ишканалар экономикасы жана башкаруу | 13 | 6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | кафедрасынын окутуучусу | | |
| 6. | Мырзакаримова Гулнара Полотовна | Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин дене тарбиянын, спорттун теориясы жана методикасы кафедрасынын улук окутуучусу | 26 | 15 |
| 7. | Мадазимов Маматкасым Болушович | Искусство факультетинин элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын окутуучусу | 35 | 4 |
| 8. | Осмонова Бактыгул Абдылдаевна | Чыгыш таануу жана тарых факультетинин жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу | 24 | 24 |
| 9. | Каримова Кундузхан Усоновна | Юридика факультетинин социалдык иштер кафедрасынын улук окутуучусу, соц.и.к | 21 | 14 |
| 10. | Рашид кызы Бурулча | Математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын окуу мастери | 6 | 6 |
| 11. | Жороев Атабек Митаевич | Физика-техника факультетинин энергетика кафедрасынын улук окутуучусу | 26 | 18 |
| 12. | Осмонова Айтгүл Абдурашитовна | Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын окутуучусу | 13 | 13 |
| 13. | Садырова Мухаббат Махмутовна | Медицина факультетинин табигый илимдер дисциплиналар кафедрасынын доценти, х.и.к. | 36 | 30 |
| 14. | Абдурахманова Чынара Аскаралиевна | Медицина факультетинин гистология жана патанатомия кафедрасынын улук окутуучусу | 24 | 18 |
| 15. | Сеитова Азиза Съездбековна | Эл аралык медицина факультетинин патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын улук окутуучусу | 7 | 7 |
| 16. | Абдыкайымова Гулзат Камчыбековна | Эл аралык медицина факультетинин №3 клиникалык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу | 6 | 5 |
| 1. | Ормонова Айгуль Турдуевна | Ош медициналык колледжинин фармация бөлүмүнүн коомдук дисциплиналар предметтик циклдык | 29 | 29 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | комиссиясынын окутуучусу | | |
| 2. | Раймбердиева Жаннат Курманбековна | Финансы-юридикалык колледжинин финансы жана банк иши предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу | 22 | 8 |
| 3. | Назарова Арзыгул Кадыркуловна | Илимий китепкананын медициналык колледжинин китепканачысы | 6 | 6 |
| 4. | Курбаналиева Айканбү Мамадияровна | Административдик чарба департаментинин медициналык колледжинин коменданты | 15 | 4 |
| 5. | Ураимов Равшанбек Жусупович | Маалымат коопсуздугу жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы | 35 | 17 |

**II Угулду: Жанбаева А.К., -** ОшМУнун Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борборунун (ДКжҮМБББ) директору. Үзгүлтүксүз медициналык билим берүү бөлүмүндө 2021-2022-окуу жылында 2 жумалык, 1 айлык, 2 айлык, 4 айлык, жана 6 айлык билимин өркүндөтүү жана кайрадан даярдоо курстары өтүлүп, акы төлөмө билим берүүнүн жыйынтыгында 1 647 500 сом университеттин эсеп счетуна келип түкөн. Анын ичинен 486 666 сом окутуучуларга эмгек акысына төлөнүп берилген. Калган сумма 1 160 834 сомго барабар. Ошол калган суммадан 15% өлчөмүндө негизги иш алып баруучу окутуучуларга сыйлык акы төлөп беришиңиздерди суранабыз (билдирүү тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

# Токтом кылат:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 18-июль 2022-жыл №243 жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 15 пунктуна таянып ОшМУнун ДКжҮМБББ негизги иш алып баруучу адистерине төмөндөгү өлчөмдө сыйлык акы төлөнүп берилиши колдоого алынсын:

1. Жанбаева А.К., ДКжҮМБББнун директору – 64799,67 сом

2. Эшбаева Ч.А., ДКжҮМБББнун бөлүмүнүн башчысы – 87062,55 сом

3. Шарапова Ж.А., ДКжҮМБББнун методисти – 22262,88 сом

**III Угулду: Пусур т Замир -** ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгынын негизинде жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында ОшМУга Ош мамлекеттик юридикалык университетин кошуу каралган.

Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 10-декабырындагы №557 жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жараны болгон студенттер үчүн акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтери кийинки үч окуу жылында жогорулатпоо белгиленген. Жогорудагыларды эсепке алып Ош мамлекеттик юридикалык институтунун прейкуранттарынын тарифтерин өзгөртүүсүз калтырып кайрадан бекитип беришиңиздерди суранабыз (тарифтердин прейскуранттары тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 10-декабырындагы №557 жарлыктарына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомунун 15 пунктуна таянып ОшМУга ОшМЮИдан которулган студенттердин адистиктеринин тарифтеринин прейскуранттары 2022-2023-окуу жылына төмөндөгүдөй өлчөмдө кайрадан бекитилсин (тиркелет).

**IV Угулду : Артыкова Ж.А.,**-ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору. ОшМУда учурда 9 жатакана студенттерди кабыл алып иштеп жатат. Университет болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап жыл сайын алардын коммуналдык чыгымдарын (электроэнергия, суу, газ, жылуулук, таштанды ж.б.) негизинен атайын каражаттардын эсебинен каржылап келе жатат. Мындан тышкары оңдоп-түзөө иштерин жүргүзөт. Тейлөөчү персоналдардын ( комендант, сторож, күзөтчү, кароол, электрик ж.б.) эмгек акысын, сыйлык акысын төлөйт ж.б. Жыйынтыктап келгенде

жатаканалардан түшкөн киреше аларга кеткен чыгашаларды камтыбайт, жатаканалар өзүн-өзү актабайт келе жатат, айрымасы атайын каражаттын эсебинен жабылат. Жогорудагыларды эске алып жана шаарда жайланышкан башка жогорку окуу жайларындагы жатаканаларга болгон тарифтерди иликтеп чыгып 2022-2023-окуу жылына ОшМУнун студенттик жатаканаларынын бир жылдык төлөмүн төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитип беришиңиздерди суранабыз (билдирүү тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 жана 2000-жылдын 26-октябыры №637 токтомдоруна таянып ОшМУнун студенттик жатаканаларынын бир жылдык төлөмү 2022-2023-окуу жылынан баштап төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилиши колдоого алынсын:

**(сом)**

| **№** | **Жатакана** | **Төлөм наркы** | |
|---|---|---|---|
| | | **КР жарандары үчүн** | **Чет өлкөлүк студенттерге** |
| 1 | №1-жаткана | 8000 | 15000 |
| 2 | №2-жатакана | 12000 | 18000 |
| 3 | №3-жатакана | 8000 | 15000 |
| 4 | №4А-жатакана | 8000 | 15000 |
| 5 | №4Б-жатакана | 8000 | 15000 |
| 6 | №7-жатакана | 8000 | 15000 |
| 7 | №8- конфуций | 12000 | 18000 |
| 8 | №9 эл аралык медицина | 8000 | 18000 |

**V Угулду: Убайдуллаев М.Б.,**-ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Кабыл алуу комиссиясынын ишинин жүрүшүндө белгилүү болгондой, ОшМУнун колледждеринин бүтүрүүчүлөрү жогорку билим алуусун өзүбүздө улантышпастан массалык түрдө башка ВУЗдарга документтерин тапшырып жатышкандыктары белгилүү болду. Анткени ОшМУда колледжди бүтүп бакалврга тиешелүү профил жана багыттарга тапшырып жатканда академиялык айрымачылыктарга белгилүү акы төлөнөт,

ушул себептен кирүүчүлөр башка окуу жайларга кетип калып жатышат. Ошондуктан академиялык айрымачылыктарга төлөмдү жокко чыгарып беришиңиздерди суранбыз, бул өз кезегинде биздеги колледждин бүтүрүүчүлөрүн өзүбүзгө толгураак тартууга мүмкүнчүлүк берет жана окуу жайынын кирешесинин белгилүү өсүшүнө алып келишине толук ишенич бар ( билдирүү тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 жана 2000-жылдын 26-октябыры №637 токтомдоруна таянып, ОшМУнун колледждерин бүтүп жогорку билим алуусун өзүбүздө улантуу үчүн бакалврга тиешелүү профил жана багыттарга тапшырып жаткандагы академиялык айрымачылыктарга төлөнүүчү акынын алынып ташталып жокко чыгарылышы колдоого алынсын.

**ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңешинин төрагасы** **Б.А. Нурунбетов**

**Катчысы** **А.А. Абдыкеримов**